**Урматтуу**
**Борбордук Азиядагы эл аралык университинин эмгек жааматы.**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин атынан жана жеке өзүмдүн атымдан Борбордук Азиядагы эл аралык университетинин окутуучулар курамын, студенттерин жана жалпы жааматын **10- жылдык** мааракеси менен чын жүрөктөн куттуктайм.

Эл аралык университет 2008-жылы "Ырайым" кесиптик институту болуп түзүлүп бүгүнкү күнү Борбордук Азиядагы эл аралык университет деңгээлине жетип отурат. Борбордук Азиядагы эл аралык университет Кыргызстандагы азыркы замандын талабына ылайыкталган окуу жайлардан болуп саналат.

Бүгүнкү күндө университет 7 программа менен иш алып барып, Кыргызстандан эле эмес, кошуна өлкөлөрдөн да келген жаштарга билим берүүдө.

Бүгүнкү күндө университетте гуманитардык, филологиялык, педагогикалык, экономикалык, юридикалык, эл аралык байланыштар багыттары боюнча жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча 400 дөй студент билим алууда.

Азыркы учурда университеттин 10 чет өлкөлүк өнөктөшү бар. Биринчи өнөктөш болуп, АКШдагы Норс Парк Чикаго жана Рокфорд университеттери болгон. Замандын талабына ылайык, көптөгөн эл аралык долбоорлор менен иштеп жатканыңыздар билим алып жаткан студенттердин келечегине эң чоң фундамент болуп саналат.

Студенттердин окуп, билим алышына университеттин профессордук-окутуучулук курамда билим берүүгө эмгек сиңирген кызматкерлери эмгектенишет.

Бүгүнкү күнү заманбап адистерди даярдоодо университет чоң салымын татыктуу кошууда.

Учурдун талабына ылайык республикалык жана эл аралык деңгээлде ордун табуу үчүн күрөшүп, сапаттуу кадрларды даярдоого толук мүмкүнчүлүгү бар жана милдеттүү деп ойлоймун.

Жаштарга терең билим жана атуулдук тарбия берүү үчүн белсенип эмгектенип жаткан Сиздердей мээнеткеч, өз кесибин сүйгөн жамаат менен ар дайым сыймыктанабыз.

Билим берүү жана илим министрлигинин атынан дагы бир ирээт **10-жылдык** маарекеңиздер менен куттуктап, келечекте жаш муундарды тарбиялоодо талыкпас эмгектенүү менен өмүрүңүздөрдө кубанычтуу күндөрдүн көп болушуна ак дилимден тилектешмин!

**Урматтоо менен,**

**Кыргыз Республикасынын**
**Билим берүү жана илим министри** **Г. К. Кудайбердиева**